БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ

АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ПРОГРАММ И ОРГАНИЗАЦИЙ

AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL PROGRAMS AND ORGANIZATIONS

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин кеңейтилген жамаатык чогулушу

2024-ж. 05.09. №67 - протокол

**БЕКИТИЛДИ**
Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин директору

Б.И. Исмаилов

2024-ж. 05.09. №2/0101 - буйругу

# Сертификатты даярдоо, берүү, кайрадан чыгаруу жана дубликат жөнүндө жобо

1. Билим берүү программаларын жана уюмдарын көз карандысыз аккредитациялоодон өткөндүгүн ырастоочу аккредитациялоо жана сертификатты даярдоо, берүү, кайрадан чыгаруу жана дубликат жөнүндө жобо билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо жаатындагы ченемдик укуктук актыларга ылайык иштелип чыккан жана аккредитациялоо жөнүндө сертификаттарды тариздөө жана берүү жана аларды кайра тариздөө тартибин белгилейт.
2. Аккредитациялоо жөнүндө сертификатты тариздөө үчүн аккредитациялоо жөнүндө сертификаттарды тариздөө жана берүү үчүн жооптуу адам төмөнкү документтердин пакетин түзөт:
   - ББПУАА алдындагы аккредитациялык кеңештин жыйынынын жыйынтыгы боюнча чыгарылган ББПУАА буйругу;
   - толтурулган окуу жайлардын сертификаттарынын шаблону;
   - электрондук жана кагаз түрүндөгү тастыктаманын корректуралык барактарынын текшерилген комплекти (оригиналдуу документтердин прообразы).
3. Сертификаттар ББПУАА менен "Тартип" ААКнын ортосунда 30.03.2017-ж.жана 9.04.2019-ж. УВТ-7/19 ортосунда түзүлгөн кызматташтык жөнүндө келишимдин негизинде "Тартип" ААКнун басмаканасында даярдалат.
4. Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттарды даярдоо үчүн аккредитациялоо жөнүндө сертификаттарды тариздөө жана берүү үчүн жооптуу адам Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги бекиткен үлгүлөргө толук ылайык "Тартип" ААКнун басмаканасына толтурулган сертификаттардын шаблонунун комплектин чогултат.
5. Эл аралык аккредитациядан өткөндүгү жөнүндө сертификаттын формасы билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо боюнча Агенттик тарабынан бекитилет.

6. Аккредитациялоо жөнүндө сертификатты тариздөө жана берүү үчүн жоопту адам сертификаттарды 15 күндүн ичинде даярдоо үчүн жоопкерчилик тартат.
7. Сертификаттын түп нускасы сертификаттарды каттоо журналында катталат жана билим берүү уюмунун жоопту өкүлүнө кол койдуруу менен берилет, сертификаттын көчүрмөсү ББПУАА сакталат.
8. Сертификатты кайра жол-жоболоштуруу төмөнкү учурларда жүзөгө ашырылат:
   - юридикалык жакты кайра уюштуруу;
   - юридикалык жактын аталышы өзгөргөндө.
9. Сертификатты кайра жол-жоболоштуруу үчүн негиздер пайда болгондо билим берүү уюму ББПУАА сертификатты кайра тариздөө жөнүндө арыз менен кайрылат.
10. Сертификаттын түп нускасы жоголгон, бузулган учурда билим берүү уюму ББПУАА жазуу жүзүндөгү арыздын негизинде сертификаттын дубликатын алууга укуктуу.
11. Сертификаттын дубликаты жогорку оң бурчунда "Дубликат" деген жазуу менен берилет.